Кайыргүл СЫДЫКАНОВА

СҮЙҮҮ – ЦУНАМИ



Бишкек – 2026

УДК 821.512.154-1
ББК 84(5Кир)-5
С 22

Сыдыканова К.
С 22 **Сүйүү – цунами** / ЫРлар – Б.: «Ордо компани», 2026. – 80 б.

ISBN 978-9967-9642-7-3

«Сүйүү менен аалам жарык». Жер жүзүндөгү жаамы жан жаныбар, жандуу, жансыздын баарысы жараткандын жан илебинен, кудуретинен жаралган деп айтылат экен.

Анан калса, эң жогорку аң-сезим ээси адам-пендесинин махабат сезими башка жан жаныбардан башкача болмогу турулуу иш.

Бул чакан ыр жыйнакта таза сезим, түркүн кырдаалда да өз өңүн жоготпой, акактай агарып тура берерин көрдүк.

Эгер адам баласында туюмду кезинде чакчалакей, будуң-чаң түшүргөн жогорку чыңалуудагы таза сезим болбосо... анын адамдыгы кайсы?

Тек гана тукум улоо менен чектелмек.

Бул китептеги ырлар окуган адамдын жан дүйнөсүн бир тазалап өтмөкү бар.

УДК 821.512.154-1
ББК 84(5Кир)-5

ISBN 978-9967-9642-7-3

© Сыдыканова К., 2026

ПРОЛОГ

Уюткулуу өмүрдү адамдагы бар болгон мээрими менен уютуп, алга карай кадамды зор ишеничи менен адам гана өз келечегинин керимселдей төшөлгөн сезимдин күчүндө гана, көңүлүн жайлап дем ала алат. Менин туп-тунук сүйүүмдү мен туя элек, мен көрө элек, мен баса элек, мен чыга элек бийктиктерге жеткирип, багындырууга жан үрөйм. Жараткандан жалбарып күүлөгөн кош канаттарыма майтарылбас күч, кажыбас кайрат, эңшерилбес эрк берүүсүн сурайм, тилейм. Сен экөөбүз чыккан жолдун чытырман токою адаштырууга, көк тиреген тоолору кулатууга, учу кыйыры жок деңиздери чөктүрүүгө, биз чыйыр жол салабыз деген махабатты бараткан багытыбыздан из жашырууга ирмем сайын даяр.

Караңгынын капканынан күкүрт издеп, ийнедей жарык таап, аны күч жумшап, тырмышып, тырышып жарыкка чыгуу жолун көрсөтүп, бизге сүйүү күчү жүктөгөн. Менин ак сүйүүмдүн ээси, сен экөөбүз ал тосмолордон бирге кол кармашып эмгек менен, эрдик менен гана өтө алабыз, максаттарыбызга жете алабыз. Менин тандоом жаза кетпесине бөркүмдөй ишенемин. Сен экөөбүз бирге аттанган ак боз атыбыз ташыркап, такалбай куюндай сызып, желдей жортуп, кыял дүйнөбүзгө жеткирээрине ишенели. Өмүрлөшүм, өрнөгүм, өзгөчө жакшы көргөнүм, биз экөөбүз биргеликте



гана баарын жеңебиз, сүйүү мейкиндиктерине жетебиз..... бул күндөр биз үчүн чоң сабак болот, балким мен сенден алыс жүрүп, сенин кыйналып аткан убагыңда жаныңда боло албагандыгымдыр...мен сени эч кимге бергим жок, ооруп турган жүрөгүмдүн ылдамдап кыйнап кетишин да каалабайм...ыйлабайм дагы... сенин барың эле мага күч кубат...

Автор



МАХАБАТ ЫРЫ

Кайыргүл Сыдыкановanын жаңы ыр жыйнагынын кол жазмасын окуп чыгып, жылуу сезимдин кучагында калдым. Ушуга чейин махабат ырын бардык акындар жазып келди жана да жаза берет.

Эгерде, кыздар поэзиясын кеп кыла турган болсок, айрыкча, Бактыгүл Чотурова, Жыпар Исабаева, Фатима Абдалова, Назгүл Осмоновалардын ырлары эсте каларлык мыкты лирикалар.

Кайыргүл кол жазмада адегенде эле кыска, нуска пролог жазып, махабат ырынан кабар берет. Ал ар бир акындын өз иши го. Мени кызыктырганы "Ырларыма" деген жакшы саптары болду. Эки куплетин мисал келтирейин:

Бакыраң көз, бае мүнөз ыргагың,
Бала кезден жүрөктө өнгөн сырларым.
Сага каткан эң алгачкы сезимдер...
Сары саамай... Садагасы ырларым.

Жарыкчылыкка туулуп келген ар бир пенденин дүйнөнү алгач тааныгандагы, анын үстүнө ыр – жүрөк болчу тестиердин кыялы, ой сезими ушинтип башталмагы ырастыр. Бул ырдын таасири окурмандын маанайын көтөрүп, кийинки окуяга даярдамагы да чын. Автор андан ары ыймандай сырын каткан ырлары гана өзү тууралуу чындыкты айтарын баяндайт. Ырдын соңунда ырларына ак жол каалайт.

Окуп көрөлү:

Саптарымда ак сүйүүнү даңктаймын,
Ар бир ырым туулушту жалындан.
Чын сүйүшкөн бизден кийин жаштардын,
Тумары бол, көкүрөккө тагылган!

Ушундай жөнөкөй, бийик пафосу жок эле ой менен айтылган, чын көңүлдөн жазылган саптар окурманды кайдыгер калтырбайт.

Кол жазманы андан нары окуй келгенде “Сезимдин күчү” деген ырына такалабыз. Такалабыз дегенимдин себеби, бул ыр да жөнөкөй сөздөр менен айтылган саптар сезимге терең жетет.

Көлкүлдөп көөдөн,
эриди бойдун муздары,
Өмүрдү көрктөйт,
сүйүүнүн шоола, нурлары.
Тамырды бойлой
дирилдеп аккан демиңен,
Элжирейт жүрөк...
Колуңдун тийсе учтары.

Эки адамдын ортосунан жаралган сезимдин күчүн айтыңыз. Сезимдин күчүнөн Түндүк Океандын түбөлүк муздары эрип кетчүдөй... Колдорунун учунан чыккан дем, өмүргө жетерлик сезим бергени анык. Бул алибетте, акындын көркөм деңгээлинен, көркөм ойлоосунан жаралган мыкты саптар.

Китептин аталышы да кызык. “СҮЙҮҮ – ЦУНАМИ...” Окуганда эмнеге мындай аталган деген ой келбей койбойт. Эми, мен адабиятчы же сынчы болбогон соң, анын баарын термелеп, түшүндүрүп отуруу-

нун кажети да жоктур. Жөн гана колубузга тийген махабат тууралуу китепти окуп чыгып, ар ким өз оюнда калганы дурус. А мен дагы да ыр саптарынан

Мисал келтирейин.

Мен толкунмун, Көл деминен жаралган,
Көкүл чачым, Көл желине таралган.
Сен мелмилдеп, цунамини тоотпос,
Чен жетпеген, чайпалбаган океан!

Сонун саптар! Кайыргүлдүн мындай күтүлбөгөн салыштырууларга толо ыр саптары, ырлары арбын.Ошондон уламбы бул чакан кол жазманы окуп чыгып, кандайдыр чыныгы махабаттын касиети, арманы, сүйүүсү, ыйы менен шаңынын аурасына кабылып, баш көтөрбөй окуп чыкканым да чын.

Учурда, техника менен тез өзгөрүлмө маалыматы күч заманда ушундай таза сезимдердин адамдарда жашап атканы, цунами сезимге дуушар болгон жүрөк бар экенине каниет кыласың.

Махабат тууралуу ыр жыйнакка ак жол каалаймын!

Меңди МАМАЗАИРОВА,
КР эл акыны, 3-даражадагы
“Манас” орденинин ээси.

Бул дүйнөдө сүйгөн жандар таптаза!
(Мадина акын)

ЫРЛАРЫМА

Бакыраң көз, бае мүнөз ыргагың,
Бала кезден жүрөктө өнгөн сырларым.
Сага каткан эң алгачкы сезимдер...
Сары саамай... Садагасы ырларым.

Көздөрүмдөй, балбылдаган чырагым,
Ашып келет, көп-аз өмүр кырларын.
Жашагыла, менден кийин өлбөстөн,
Чын сүйүүнүн күүлөп, назик кылдарын.

Уюгундай мээр менен сүйүүнүн,–
Уюлундай бекем менин түнөгүм,
Жашагыла, акын атым өчүрбөй,
Ырлар менин түбөлүктүү жүрөгүм.

Ырларымда - махабаттын дем-күчү,
Өздөрү айтаар, чындыгынан ашырбай.
Кандай сүйдүм?
Кудай көрүп сезимди,
Кийинкиге аңыз болоор жакшы ырдай,
Унутулбай... Ченеминен ашырбай...

Саптарымда ак сүйүүнү даңктаймын,
Ар бир ырым туулушту жалындан.
Чын сүйүшкөн бизден кийин жаштардын,
Тумары бол, көкүрөккө тагылган!

СЕЗИМДИН КҮЧҮ

Көлкүлдөп көөдөн, эриди бойдун муздары,
Өмүрдү көрктөйт, сүйүүнүн шоола, нурлары.
Тамырды бойлой дирилдеп аккан демиңен,
Элжирейт жүрөк колуңдун тийсе учтары.

Көк асман кышкы, булуту жогун билгендей,
Айлана сулуу ышкыдан көйнөк кийгендей.
Махабат балын таттык ээ, бирге эзилип,
Эриди карлар, сүйүүнүн Деми тийгендей!

Өмүргө жетер, кумарлуу сүйүү арнадың,
Кылчайып көрдүк,
жаштыктын изи калганын...
Кучагың толо, арзуунун гүлүн жайнатып,
Көтөрдүк бирге, сүйүүнүн кызыл байрагын!

Бишкек ш.



СЕЗИМ АЙЫЛЫ

Түн ортосу, тиктеп айдын жарыгын,
Кыялданам: айдап сүйүү кайыгын.
Бүткөн боюм ээлеп алып кыялым,
Түн күзөтүп издейм сезим айылын.

Кучагында: оролушуп денеме,
Алоолонтуп жаккым келет кемеге.
Чарт- чурт этсе, махабаттын учкуну,
Арасынан көрүп турам сени эле.

Тиктеп турам сүттөй аппак айымы,
Жылдыздардын бүгүн даана жарыгы.
Жүрөгүмдөн жашап тилеп келемин,
Болбосо деп ортобузда айрылуу
Сезим күчү ...
болбосо экен кайгыруу...

Москва. 12.09.2024-ж.



БИЗДИН СҮЙҮҮ

Сезим денде, алоо күчүн калтырган,
Эргүүсү жок акын ырын жазабы.
Аруу таңда ак баракты толтурам,
Толкундатат таттуу сүйүү азабы...

Жалындаган аппак сүйүүм соолубай,
Бирге болуп жүрсөк экен оорубай.
Чагылышып көзүм сенин көзүңө,
Кызганычтар бизди такыр тоорубай.

Жолукканда эмнегедир мен сага,
Жан дүйнөмдө тынчтык айтат бүтүмүн:
“Эми такыр бербейм сени эч кимге”,
Жүрөк чындап чыгарат оов, өкүмүн.

Чачым сылап, манжаларың эркелеп,
Клавиша баскан сымак энтелеп,
Арфа күүсүн чалып жаткан сыяктуу,
Көкүрөктө укмуш күүлөр термелет.

Эгер өтсөм бул жалгандан мезгилсиз,
Карегимден мөлт эткен бир жаш тамат.
Бешенеге сыйбай кеткен бул сүйүү,
Бизден кийин келер муунда даңкталат!

Чолпон Ата. 23.07.2023 ж.



ӨМҮР ЖАЗЫМ

Убайыңды тарта берем, эрте-кеч,
Жанчыламын...Араң эле жүрөмүн.
Көздөрүмдөн кулап түшүп тамчы жаш,
Аргасыздан дүк-дүк согот жүрөгүм.

Эстен тана... Кээде сага эркелеп,
Тартуулагым келет сүйүү бактысын.
Тээ, төбөмдөн асман кулап түшсө да,
Бергим келет жүрөгүмдүн ачкычын...

"Сен!"- деп, таңым атып атат агарып,
Сагынуудан жүзүм кетет саргарып.
Батыш жактан батып аткан кызарып,
Күндү карайм сенсиз дагы, таң калып...

Тартып сүйүү көркөм улуу сүрөтүн,
Дүүлүктүрүп эриндериң өбөмүн...
Уктасам да тынч ала албай жан дүйнөм,
Сагынганда, түштөрүмдөн көрөмүн...

Үлбүрөгөн көңүл назын үшүтпөй,
Өмүр жазым, сени гана сүйөмүн....

Кайыр Жазы. Анкара 04.03.2016.



ШАРДАНЫНА ЖЕТЕЛЕП

Өмүрүмдүн бир барагы ачылып,
Жазгым келди, сезим ырда- чачылып.
Жашоо чиркин эмне мынча азгырат,
Керемет сыр жаткан өңдүү катылып.

Аппак кар да, аста-секин себелеп,
Жаап жатты бетибизге эркелеп.
Кумарланып жүрөгүбүз сүйлөшөт,
Шарданына ак сүйүүнүн жетелеп.

Көз караштар... Бири бирине тойбогон,
Кусалыктар чырмап түрдүү ойлордон.
Күнөөлүүдүр, балким алсыз жүрөгүм,
Сени, ооба! Сени сүйбөй койбогон.

Күндөн күнгө күч алгандан махабат,
Эмнегедир жолугуулар кечигет...
“Миң бир түндө” бүтпөс болуп айтылган,
Биздин сүйүү бир жомоктой сезилет...

Сезим күчү...
.....шарданына ак сүйүүнүн жетелеп...



КУСАЛЫКТЫН САНААСЫ

Ортобузда алыстыктын абасы,
Карты бүтпөй, сезимимдин жарасы.
Күү- шаа болуп агымында жашоонун,
Дайра болуп агып келдик, карачы?..

Бизди көргөн көп көздөрдүн айынан,
Сезим багы омкорулду жайынан.
Орток болуп кара булут кайдыгер,
Ак баракка, токтоно албай, жарылам.

Арзуулардын ак көйнөгүн кийгенде,
Алыс учат кыялдардын канаты..
Азыр болсо кийип жүрөм “сагыныч”,
Көйнөк кылып ырдан жасап жамаачы...
Көөдөн толуп, кусалыктын санаасы...

Москва. 07.03.2024.



СЕЗИМДИН ТАҢЫ

Жазылып ак сүйүүдөн санаттарым,
Таң эрте, учуп сага баратканым.
Жүз жыл соң, мына ушул бүгүнкүдөй,
Талыбайт, ырдан бүткөн канаттарым.

Ырга толот, аппакай баракtарым,
Сен болдуң, окуп бүтпөс сабактарым.
Сезимдин көрөгөчтүк көзү менен,
Көрбөпмүн ... Кереметтүү таң атаарын.

Сага арнап өчпөс ырлар жаратамын,
Сагынып саргайып да баратамын...
Саамайымды сылап өтсө арзуу жели,
Сүйүүмдүн сансыз жылын санатамын...

От болуп алоолонуп жагыламын,
Карааныңа, угузбай жалынамын.
Сени карап турушкан сан көздөрдөн,
Кызганып, миң санаага кабыламын.

Сага барчу жолдорду сагынамын...



АРЗУУ БАКЧАСЫ

Арзуунун гүл жыттанган бакчасында,
Жытыңа тойбой келем маашырланып.
Бүчүр байлап күн сайын ачкым келет,
Жан дүйнөңдү, жаңыртып жашылдантып.

Булбулдун түркүн үнүн угуп жыргап,
Күлкүмдү чачыладай, чачам дайым.
Тагдырдын эң бактылуу күндөрүндө,
Тийип турган асмандагы сенсиң Айым.

Биз үчүн, ар бир убак, күндө майрам,
Сүйүүбүз бар экени бизге сайран.
Арзуудан улуу дастан жазгым келет,
Адамзаат жүрөгүндө кала турган!



ЖҮДӨП ЖҮРӨМ

Агарып аткан таңга сырым айтып,
Аралап басып жүрөм бак арасын.
Арылбас кусалыктын аралынан,
Жакындап, сага жиреп бараткансыйм.

Эргүүлөр кээде алсыз, кээде күчтүү,
Чар жайыт ыр саптарга түнөп алган.
Кубалап жете албастан кол сунамын,
Кырлардан, күн нуруна жымыңдаган.

Көз көрүп, көөдөн сезип аралыкты,
Куш кабар келбей сенден, алсыратты.
Кур болбос үчүн сөзүм, сезим төрдө,
Калем сап сага арнап ырлар жазды.

Кай тарап, чыгыш-батыш дүйнөм түгөл,
Бөтөндүн кайыгына түшпөй жүрөм.
Аз калды убакыт саат эркелешчү,-
Деп өзүмдү алаксытып, өмүр сүрөм.
(Дегендей алаксытып, күн өткөрөм.)

Арылбас кусалыктын аралынан,
Алыстап кыялдарда жүдөп жүрөм...



СЕН ЭМНЕГЕ КЕЧИКТИҢ?

Көз кырыңды, аста салып байкатпай,
Сезимимде, жашай берчи байкалбай.
Сенин демиң, нота болуп жаралып,
Оболосун, обондуу ырлар таңда, жай...

Жазгы желден салам айтчы, алайын,
Саамай чачым кыялданып тарайын.
Байчечекей гүлү болуп ачылып,
Жазың, болуп мен алдыңа барайын.

Кабарыңды качан, кайдан эшиттим?
Капилеттен, кай мезгилде кезиктиң?
Таштап койдуң, махабаттын отуна,
Келер болоң... Анан мынча кечиктиң?



ЭРГҮҮ ЖОЛУ

Айлана тынч, түн бир оокум уйкум жок,
Асман толо жылдыздар да жымыңдайт.
Аста согуп жайкы желдин аптабы,
Арфа чертип, айдагы кыз ыр ырдайт.

Тар көчөмдө басып жүрдүм кусалуу,
Жарык берип түнкү фонар узатат...
Гүл жыттанып, буркураган айлуу түн,
Арбап барат, жан дүйнөмдү тузактап...

Көз алдыма келип сенин элесиң,
Көңүл жазын, көрктөндүрүп баратат.
Кыялымда бирге болуп сен менен,
Ак шооласын сөгүп эми таң атат....
Сезим күчү....эргүүлөргө жол ачат...



СҮЙҮҮ ЭМНЕГЕ КЕЗИГЕТ?

Тоңо түшкөн кичинекей жүрөгүм,
Эркелетсең элжирейт да, эзилет.
Суроо бергим келип турат мен бүгүн,
Эх, адамзат, сүйүү эмнеге кезигет?

Кусалыктан жүдөп жүргөн сезимим,
Келбей эмне мезгил өтүп кечиктиң?
Бекем кысып, кучактасаң бооруңа,
Махабаттын майрамына кезиктим...

Эх, көз жашым, төгүлдүң ээ, күнү-түн,
Үзүлбөдү, арзуулардан үмүтүм.
Кайра бирге жеңип чыгып толкунду,
Акталды го сен деп тарткан күйүтүм.

Сени сүйүп, сен деп жашайт үмүтүм ...



КИЧИНЕКЕЙ ЖҮРӨГҮМ

Таттуу уйкуда эч капарсыз жатканда,
Таң сүрүлүп, атып келе жатканда.
Сен кылт этип, кыялыма келесиң,
Себеп болуп, мыкты ырларды жазганга...

Куштар сайрап көкөлөтөт көңүлдү,
Сулуулашып бир келген куш өмүрдү.
Сезген өңдүү асман дагы, күн дагы,
Булуту жок, нөшөр жамгыр төгүлдү.

Сагынганым, сезип турду жан дүйнөм,
Ички туюм сени менен бир жүргөн.
Тизгин тартып, өзүбүздү алдайбыз,
Арзууларды арнай албай, биз сүйгөн.

Аман болчу менин өмүр тирегим ,
Асыл жаным кудай берген белегим.
Тартуу кылсын мейли тагдыр сыноосун,
Сен деп согуп, сен деп жашайт тирүүдө...
... алсыз менин кичинекей жүрөгүм...



СЕН ЖАНА МЕН

(Жолдошум Алик экөөбүздүн үйлөнгөнүбүзгө 36 жыл)

Мен толкунмун, көл деминен жаралган,
Көкүл чачым көл желине таралган.
Сен мелмилдеп, цунамини тоотпос,
Чен жетпеген, чайпалбаган океан!

Мен чагылган чарк-чурк эткен асманда,
Ак жаандай төгүлөмүн жазганда.
А сен болсо каармансың ырымдын,
Эргүү келип, дептер бетин ачканда.

Мен асманда ай, жаңы гана төрөлгөн,
Махабаттын бешигинде бөлөнгөн.
А сен баатыр, жомоктогу канзаада,
Канаттуу атчан, учуп келип өңөргөн...

Сен жана мен.....
Аппак таңбыз, кара түндө сөгүлгөн.



АЙЫКСЫН ДЕП ...

Агылып улуу сезим дайрасынан,
Негедир, тайып турам кайратыман.
Атыңды, каттым эле жүрөгүмө,
Айыксын деп, эскилердин жарасынан.

Кубулуп, күн желеси- чачылганмын,
Кулпунуп гүлдөй болуп ачылганмын.
Күбүлүп, жалбырактай саргарганым,
Өзүңдү куса болуп сагынганым...

Басканмын, арзуу жолун кыяларда,
Эркеледим, эбин таппай кыялдарда.
Эзилип эбегейсиз, сүйгөнүңдү,
Ырга салдым, жылуулап уяларда.

Жан дүйнөм жанчылса да, унчукпадым,
Болду!-деп, атайылап "тынч уктадым",
Баары бир жеңе албадым өзүмдү өзүм,
Айырлуу... Сезимдерди курчутканын,

Сездим да, сездиң дагы коштошо албай,
Кайрылып бараарлыгым беш манчадай,
Белгилүү...Тагдырымдан сурандым да,
Ач калып, колун сунган кайырчыдай,

Жонума рюкзакты артып алып,
Чоң жолго чыгып кеттим сапарчыдай....

СЕНДЕГИ КҮЧ

Сенде бар го бир керемет сыйкыр күч,
Издеп бүгүн бүлүк салдым дүйнөмө.
Ээлик кылып алсыраткан сезимди,
Эмне экенин билейин деп, күймөнө...

Куш уйкудан ойгонбогон ааламым,
Эс акылым магдырашып көшүлөт.
Тартсам дагы махабаттын тизгинин,
Эргүүлөрүм жамгыр болуп төгүлөт...

Эркелетсең ары сулуу жагымдуу,
Эрке кыздай элжиреймин эзилип.
Кыялдарда кырлар ашып жазыксыз,
Ак сүйүүмдүн кечмелиги кечилип....

Сенде бар го бир керемет сыйкыр күч,
Мени гана тартып турган өзүңө...



СЕЗИМ КҮЧҮ БАРАКЧАМА...

Ай нуру, көл үстүнө чагылышып,
Арзуудан сулуу мончок тагынышып.
Айтылып бүтпөс жомок миң бир түндө,
Сүйүшкөн ак куу болсо, атаганат...

Шыбырап жайкы жел, саамай сылап,
Эргүүлөр тынч уктабай кытыгылап.
Алсыздай, дарман жетпей сагынамын,
Катылып сырым калды, атаганат...

Көз ирмем, көмүскөдө көптү самайт,
Жүрөгүмдүн, жанчылганы качан тарайт?
Көл жээги, айлуу түндө, оюм бирге,
Канат байлап келсең гана атаганат...

Москва.



СҮЙҮҮ НУРУ ӨЧПӨСҮН

Туйбай, сезбей сезимдердин көксөөсүн,
Толтурбадым арзуу ырлардын бөксөсүн.
Жалындаган сүйүү оттун учкуну...
Чачырасын, кеч болду деп өчпөсүн.

Катып алып жүрөгүңдүн төрүнө,
Каяша айтпай бир берилген өмүргө.
Дербиш болуп издеп кетпе адашып,
Гүл өспөгөн кусалыктын чөлүнө...

Укпайт, билбейт жүрөгүмдүн кагышы,
Изде мени, издеп дагы сагынтчы...
Улуу күндүн урматына багынып,
Арзуу ырдан акак мончок тагынтчы...

Туйбай, сезбей сезимдердин көксөөсүн,
Жүрөгүңдөн сүйүү нуру өчпөсүн....



УНУТУП КАЛГАНДАЙБЫЗ

Кубулуп күндө башка жашоо нуру,
Жайдары, аралаймын сезим багын.
Ырга салып сени дайым жазгым келет,
Жан дүйнөмдү бүрдөткөн сүйүү шагын.

Өзүмдү издеп ырдан таап аламын,
Эмнеге? Журөгүмдү жаралаймын.
Унчукпас болуп кетем кээ убакта,
Ой- кыял, тээ алыста сабалаймын.

“Кол жетпес бийиктиктен издейм”-дейсиң,
Билемин мендей эле убай жейсиң.
Күнүмдүк көр оокатка аралашып,
Унутуп калгандайбыз сүйүү кечин...



ОЙ-КЫЯЛЫМ ЖЕТЕЛЕЙТ

Ой, кыялым алга дайым жетелеп,
Сендик сезим менде али да өчө элек.
Кубанычтын көптүгүнөн ыйлагам,
Көкүрөккө батыра албай энтелеп.

Мезгил өтүп, көл толкуну шарпылдап,
Ар бир күнүм көз алдыма тартылат.
Бизден калган улуу сүйүү баяны,
Жомок болуп эртеңкиге айтылат...

Сени менен бирге болгон күндөрүм,
Арманы жок чексиз бакыт тартуулайт...



ЫРГА ЖАЗАТ

Көрүнгөн тоо алысы жок сымалдай,
Убакыт учкан куштай өтүп жатат.
Утурлап тосуп алчу күндү санап,
Арзуулар изин салып ырга жазат.

Келбединң колум кысып коштошууга,
Көздөрүң жашка толуп жоктошууда.
Көөдөндү жарып чыккан бул сезимиң,
Кеч келген махабатка окшошууда...

Унутпай көз кырымды салып дайым,
Уурtумдан күлгөнүмдү көрсүн дедим.
Топ сүрөт топтомунун бир бурчунда,
Түбөлүк жүрөгүңдө болсун дедим.

Буралып, тал чыбыктай, эркелеген,
Бактылуу күндөрдүн көп элесиндей.
Буулугуп, чыгара албайм ички сырды,
Ыйлагам, булуттардын желесиндей.

Биз татып, ширинdигин махабаттын,
Билбедик эртең эмне болорлугун.
Бирибиз бирибизге жетпей жүрүп,
Түбөлүк сезимимдердин кoрорлугун...



СИЗДИК БОЛГОН СЕЗИМДЕР

Сиздик болуп жан дүйнөмдүн бардыгы,
Сезилбеди, ааламымдын тардыгы...
Жүрөгүмдү, багындырып алгансыз,
Сезим күчү салып сүйүү жардыгы....

Күлсөм күлкүм, ууртума жарашып,
Күндөр өттү, бойлорубуз жанашып.
Карегибиз каректерге батканда,
Арзуулар да, сизден мени талашып.

Сизди көздөй зымырашат ой кыял...
Кучак жайып, кош канатым учканда.
Элжирешип эзилишекен эриндер,
Сиздик болуп жүрөт эңсеп жадымда.



ӨЗГӨРТПӨДҮМ НОТАСЫН

Аралап аппак таңдын ак шооласын,
Сага арнап жазып жүрөм сүйүү одасын.
Шопендин “Бейиш ыры” жаңыргандай,
Ырларымдын өзгөртпөдүм бир нотасын.

Сүйбөдүм, сүйө албадым башканы мен,
Канча ирээт казып көрдүм өзүмдөн кен.
,,Алтындын өңү өчпөйт”- деген сөзгө
Ынандым канат байлап учуп кенен.

Сезбеген адамдар көп, сүйүү таңын,
Сезбесе, кайдан билет сүйүү шаңын.
Убакыт өтүп барат, чачты агартып,
Кыялымда он сегизде, кайра жашмын...

Түшүмдө бирге жүрүп, атат таңым..
Эргүүмө эргүү кошкон сенсиң, жаным.
Жашоодо, алга сүрөп, шыктандырган,
Жашырбайм, кандай сонун сенин барың...



САГЫНУУ ҮЧҮН АКЫҢ БАР

Саргайып күтүп, санаалар жолдо калгандай,
Саресеп салып, сансыз го ойлор ар кандай.
Сагынып мени жолумду тосоор сен болсоң,
Сакайып жүрөк, оорусун алып салгандай.

Сумсайып өңүң, саргайып күзгү чөптөрдөй,
Сүрөтүң күлөт, өзүмдү беттен өпкөндөй.
“Сулуулук дүйнө сенсиң” деп,
шыбыр айткандай,
Сүйүүнүн күчү, көзүмө терең чөккөндөй.

Сейилдеп сезим, ырларыма баш багып,
Саргарып кетем, сагынуу оңой болгондой.
Сеңселип бышкан адырда өскөн буудайдай,
Сен менен сезим, ыр кампам дана толгондой.

Сагынып жүрүп, уламдан улам жакындап,
Суу сымал агып айлар да жылга такымдап.
Суурулуп чыгып көпчүлүк элдин ичинен,
Сезимдин жолу келе атат бизге закымдап.

Сагынып жүрүп ооруба, өзүң карагын,
Соолутпа такыр сүйүүнүн жашоо сабагын.
Сулуулап тизип, эргүүдөн ырлар жазамын,
Сезимдин далай ачабыз жаңы барагын.

Сеңселип турат, тизилип аппак кайыңдар,
Суктанар сага, көз түшүп көптөр, айымдар.
Себебин билбей, тилдери сүйлөйт турбайбы,
Сагынуу үчүн жан биргем сенин, акың бар.
Сагынсаң мени...сагынуу үчүн акың бар...

ЭХ, ЖАШТЫГЫМ

Эшикте күз, ойнойт түнкү периште,
Уйку бербей, сезим күүсү чертилсе.
“Эх, жаштыгым, келсе гана кайрылып”,
деп кыялым, үшкүрүп алат, кейиште...

Айлана кооз, түнкү чырак жаркырап,
Эске салып, жаштыктын оту чакырат.
Айдын жарык түндөрүндө коштошуп,
Элесиңди ов, тээ алыска калтырат.

Тынчычы, кыял! Калбады беле ал убак,
Артымда эч бир, көлөкө изим калбасын...
Тынч жаткан көлүм,
астыртан толкун түрүлуп,
Энтелеп эрте, жээке уруп салбасын...
Эх, жаштыгым,
он сегиз жашым кайдасың...?



АК ШООКУМ

Аралап ак шоокумдун арасынан,
Чыга келдиң, сезимдин калаасынан.
Мас болуп, жыпар жыттуу махабатка,
Жолуктук, таза сүйүү талаасынан.

Чабылып, тулпар аттын марасына,
Дарысың—жүрөгүмдүн жарасына.
Асанкалый агабыз ырдагандай,
Кала бердик тегирмендин парасында.

Артынып, сагынычтын санаасын да,
Айланчыктайм алыстан карааныңа.
Алсыздан баш ийемин тагдырыма,
Бактылуу өмүр сүрүү пайдасына.



СЕЗИМИМДИ ЭЛЕКТЕДИМ

Өткөрүп сезимимди электедим,
Аруу таңда, мени издеп келет дедим.
Мага окшоп, түшүп арзуу түйшүгүнө,
Күтүүнүн өктөмдүгүн сезет дедим...

Уктабай күтсөм бүгүн келээриңди,
Убакыт аралыгы алыс тура.
Учугу байланбаган ой кыялдын,
Өткөн күн бардыгына калыс тура...

Махабат майданында бирге болуп,
Чөйчөктөр толгон экен эргүүлөргө.
Бактылуу биз өткөргөн убакыт, саат,
Теңдешсиз эч нерсеге бул өмүрдө.

Өткөрүп сезимимди электедим,
Ак таңда, ак сүйүүмдөн белек бердим.
Деңиздин толкунундай тынч албаган,
Кусалык эми кимге керек дедим?
Өткөрүп сезимимди электедим....



ТАГДЫРЫБЫЗ БАГЫНДЫРАТ

Ак сүйүүбүз, мөл булактай агылып,
Шоокумуна, тоо койну да жаңырып.
Кайыңдар да жол боюнда сеңселет,
Күткөн өңдүү сизди-мени сагынып...

Улар үнү угулуп тоо боорунда,
Арзууну, улуу обон коштоп турат.
Кылчактап кете албай сизден алыс,
Кучагында бир селки ырлар сунат.

Жомоктун каармандай пери болуп,
Эң бир кооз, гүл бакчага алып барат.
Түшүмдө, өөп койсоңуз эринимден,
Кусалык күндөн күнгө сагындырат...

Кол менен жасагандай кээ убакта,
Сезимге, тагдыр бизди багындырат...



ӨТКӨН ЧАК

Өткөн чакты кайрый албайм... Өкүнүч,
Күнөөлөбө, таарынбачы? Өтүнүч.
Үн чыгарбай ыйлап алды жүрөгүм,
Сүйүү-жомок, болгон эбак өтүмүш...
(өткөн иш)

Учур чакта, тынчтык алсын жүрөгүм,
Ансыз деле сенсиз жашап жүрөмүн.
Бул жарыкта барбыз: аман -эсенбиз,
Түбөлүккө ичип, сүйүү мүрөгүн...

Келээр чактын ачып сүйүү эшигин,
Таталычы бирге болуп кешигин...
Сенсиз мага кадам шилтөө кыйындай,
Термете албай, сезимдердин бешигин...



СИЗ ҮЧҮН


Ар таңда арнап сизге ырлар жазып,
Жүрөмүн сагынычтан өңдөн азып.
Кусалык чырмап алды, бүт дүйнөмдү,
Сиз деген кадамдарды бирге басып.

Уктасам, түштө көрүп түйшөлөмүн,
Ойгонсом жанымда жок, өксүгөнүм...
Арадан канча мезгил өтсө дагы,
Таң калам ушул сезим өчпөгөнүн.

Чоң бакыт, аман эсен жүргөнүңүз,
Эсимде, эркелесем күлгөнүңүз.
Ошол күнү кийип барып аппак көйнөк,
Бөлүнө албай күн батканча жүргөнүбүз...

Жашайсз, сагындырып менден алыс,
Экөөбүзгө ошол күндөр дайым калыс.
Кадалган жүрөгүмө тумар сымал,
Кыйын го, чын сүйүүнү алып салыш.

(12.06.1988ж.)





УШУЛ СҮРӨТКӨ

Ой баскан жаның,
канчага чейин жабыркайт,
Сыртыңдан бейгам,
көргөндөр абдан таңыркайт.
Не санаа экен,
сумсайткан Айдай жүзүңдү,
Жаныңда гүлдөр,
кошулуп сага сабыркайт.

Санаага батпа,
алтындай жаштык барында,
Ал бир келген сүйүү!
Кудайдын берген белеги.
Не деген дүйнө суктанып турат жаныңда,
Учуруп ийсең, кайрылып кайра келеби?

Эх, жаштык сенин,
суктанытып турган демиң да!
Бир кезде колдо,
Жаштыгым болгон менин да.
Кадырын билбей,
даамын да сезбей учурун,
Өткөрүп ийгем,
кор болгон Айдай Сезим да!

Жаштыгың колдо!
Уучтап жердин киндигин,
Тоотпой анча,
аңдабай баркын, кимдигин.
Турасың чапчып,
аламын дейсиң Күндү да,
Эх, жаштык шондой,
отту да кармайт, билгиниң.

Санаага батпа, Жаштыгың колдо турганда!

Меңди



КҮЗГҮ ЖААН

Мезгилдер... Биздин күндү уурдап албай,
Калтырсын эстеликке, сүрөт сымал.
Каректериң кадалганын унута албай,
Жүзүмдөн алаканың сылаганын...

Саргарып, күз келгенде жалбыректар,
Жолугуп, эркелешчү ал убактар.
Эрдимден сүйгөн кезде, коргошундай,
Сүйүнүчтөн каректерден аккан жаштар.

Ырдасам, жер шооласы агылгансыйт,
Арзуудан гүл гунчасы жарылгансыйт.
“Бир гана жалгыз сендикмин” дегениңде,
Сүйүүнүн симфониясы жаңыргансыйт.
Күзгү жаан бизди дагы сагынгансыйт...



КЕТЕ АЛБАДЫМ КОШТОШУП

Түн бир оокум, кирпиктерим илинбейт,
Уйкум качып, ой кыялым биринде йт.
Сагынычтын күзгү жааны эшикте,
Тереземди тамчылары черткилейт.

Тыңшап жатам, жаздыгымда мамыктай,
Ырлар жазып, сизге арнап талыкпай.
Тынчтык бербей, тыпылдаган тамчыдан,
Тамга курап, эргүү менен алышмай...

Арзуулардын тарткың келип сүрөтүн,
Билем сиз да сагынычта жүдөдүң.
Кош айтышып кетсек дагы биргебиз,
Өчүрө албай сезимдердин үмүтүн.

Мына ушул айлар, күндөр эстеңиз,
Сүйүү гүлдүн уругунан сепкенбиз.
Ажырашуу мүмкүн эмес деп билип,
Махабаттын мекенине кеткенбиз...

Көзүң жумуп эстеп менин эрдимди,
Жомокторго, барып анан келчүсүз.
Кыялдарга батып бирдей жаштарча,
Кызгалдактай сулуу сөздөн терчүбүз.

Сиз да алыс, мен да алыс ортобуз,
Кызганамын толкун болуп токтоосуз.
Кайрып келбес өткөн күнгө өкүнүп,
Эх, арзуулар, кете албадым коштошуп...
Мен да сизге, сиз да мага окшошпуз...

СҮЙБӨ ДЕДИМ

Жүз көрүшпөй, сүйүү жагоо тагынып,
Жытымы эңсеп, жүрөсүң ээ сагынып...
Кирпигимдин, сулуусуна илешип,
Элжирейсиң, эркелетип жалынып...

Сүйбө!- дедим, мен өзгөчө жаманмын,
Баспайм дедим, сенин улуу кадамың.
А сен болсо, ооруба деп, үйрүлүп,
Жүрөгүмдүн кемтик жерин жамадың...

Өндөн азып, турганымда кубарып,
Кусалыкты көздөрүмдөн окудуң,
Кыштын ызгаар күндөрүндө мен үчүн,
Махабаттан жылуу көйнөк токудуң...

Эргүүм келип жазып койгон саптарды,
Эрте таңда ачып алып окугун....



СЕЗИМ КҮЧҮ

Уктатпай, жан гөйүмдү жараладың,
Түн уйку кайда качып карайладың.
Телмирип тиктеп жатам сүрөтүңдү,
Жалгыздык мынча мени, табаладың.

Көздөрүм жашка толуп кулап түшөт,
Кусалык көөдөнүмдө турат күчөп.
Кумсарып күндөн күнгө өңүм өчүп,
Баратам сагынычтан улам жүдөп.

Жайнаган каректерим карыкты го,
Сүйүүнүн азаптары мени тооруп.
Карааның көзгө толбой зарыкты го.
Оорулуу болот окшойм ушул жашта,
Өзүмдү өзгөлөрдөн жүрсөм кооруп...

ЭГЕР СҮЙСӨҢ

Сүйсөң мени, бак-таалайың болмокмун,
Таңда сайрап, багыңа да конмокмун.
Сен жашаган куса толгон үйүңө,
Көздөрүмдү чырак кылып коймокмун.

Сүйсөң мени, Айың, Күнүң болмокмун,
Асманыңа жылдыз болуп толмокмун.
Кыш ызгаарын жолотпогон жаныңа,
Сенин гана көктөм жазың болмокмун.

Сүйсөң мени, аткан таның болмокмун,
Көл жээгиңе ак кууң болуп конмокмун.
Өмүр бою сени даңктап, ыр жазып,
Өлбөй турган Мажнун акын болмокмун!



ЖАЗ КЕЛДИ

Жаз да келди, бактар бүчүр байлады,
Оор кыштын, түйшүктөрүн айдады.
Эх, чиркин ай, көктөмүндөй өмүрдүн,
Сагынычты ала келди кайдагы.

Жаз күнүндө жаркырап, сезим сулуу,
Жаштыктын керемети кандай улуу.
Жан дүйнөң мендик болуп бажырайса,
Арзуудан, ыр бакчасын оңой куруу.

Жаз келди, өлбөгөнгө ар бир жанга,
Жашаймын, сен бар үчүн бул ааламда.
Түбөлүк сактап калсам, арманым жок,
Сүйүүнүн кылым баскан тарыхында.
Жаз келди, сени жазган тагдырыма...

(Москва).



СЕН МЕНИКИ

Түгөнбөдүм, төгүлбөдүм, шашпадым,
Көп толгондум, бирок сырым ачпадым.
Келген кезде ак сүйүүнүн бир жазы,
Кабыл алдым, андан алыс качпадым.

Ошол жазым бириктирген тагдырды,
Андан бери канча кар жаап, суу акты.
Мелтилдеген деңиз сымал ак сүйүү,
Азайбады, эсепке албай убакты.

Издебедим башкалардан жылуулук,
Сен!- деп билдим мендеги бир улуулук.
Аппак таңды бирге тосуп эркелеп,
Бизге берген сезим күчү - сулуулук.

Мен сеники, сен да мендик болгонсуң,
Көкүрөккө улуу сүйүү толгонсуң...
Ортобузда миң жылдаган арзуу бар,
Мейли адамдар, махабат деп ойгонсун...

Жүрөктөгү жылуу сезим тоңбосун...



ЖАҢЫ ЖЫЛГА ЖАҢЫ ЛИРИКА

Сезимимдин жанып турса жылдызы,
Көйнөк кием кызыл -тазыл, кырмызы.
Кубалашкан күндөрүмө баш ийип,
Жан дүйнөмө толуп ырдан ырыскы.

Сезимимдин чачып турса күн нуру,
Махабаттын илебине жылынам.
Сени сүйүп, сага өзүмдү тапшырган,
Бир кудайга башымды ийип сыйынам.

Алоолонуп, оттой жанган сезимдер,
Келди кайра жаз күнүндөй кечиккен.
Жараат алган жүрөктөрдү аярлап,
Кечиришип, эзилишип кезиккен...



БИР ЭРГҮҮДӨ ЖАЗЫЛГАН ЫР

Кеч кирсе да, анын атаар таңы бар,
Күн жаркыса, сулуулуктун шаңы ал.
Күтүү менен кусалыктын артында,
Жалындаган махабаттын шамы бар.

Толкуну жок, көлдүн көркү ачылбайт,
Кечирүүсүз, таарынычтар жазылбайт.
Махабатсыз, тирүү дүйнө кызыксыз,
Таза сези, жерде калып чачылбайт.

Калагы жок, кайык сууга сүзө албайт,
Сезими жок, арзуу ырлар жазылбайт.
Сезбесе эгер махабаттын сулуусун,
Куштар дагы, бак ичинде сайрабайт.

Кара көздө, каректер бар сагынган,
Ак сүйүүгө, не бир эрлер багынган.
Көл жээгинде,толкун менен алышып,
Жыл узатып, мезгил өтөт жаңырган.

Күн бүркөлсө, булуттардын ыйы бар бар,
Сүйүү үчүн, канча өмүрлөр кыйылар...
Бул улуу күч кармап турат жер шарын,
Махабат!- деп,
Адамзаатын ардактаган сыйы бар.



БЕЙТААНЫШ БИР ЖАН БОЛУП...

Көз кырыңды, аста салып байкатпай,
Жашай берчи, бир бейтааныш жан болуп.
Сенин демиң, нота болуп, сыр ачпай,
Жүрөгүмө куюлсунчу кан болуп...

Жазгы желден салам айтчы, алайын,
Саамай чачым кыялданып тарайын.
Байчечекей гүлүң болуп бир күнү,
Жазың, болуп мен алдыңа барайын.

Жүрөгүмө бүлүк салып сезимиң,
Сүйүү - сапар. Мынча неге кечиктиң.
Жалындаган махабаттын отунда,
Кайдан, качан, кайсыл күнү кезиктим?



ТҮНКҮ ОЙЛОРДОН...

Түйшөлүп түн ортосу, ойго баттым,
Көздөрүм жумулса да, ойгоо жаттым.
Жан дүйнөм жалгызсырап жашыгансыйт,
Жолукпай арзуулары учур чактын.

Сезимдер түнгө сиңип, шыбырашат,
Төбөдө жылдыздар да жымыңдашат.
Кыялым саманчынын жолун тороп,
Жаштыктын кыялдары сыры начат...

Тереңден келе жаткан адам көчү,
Токтобойт, ак сүйүүдөн алат өчүн.
Сүйүү өлбөйт, сагыныч куса менен
Эрдиңе тосулуу,
Өзүң өпчү кара көзүм...
Түйшөлүп түн ортосу ойгоо жаттым...



КЫЗ КЫЯЛГА

Көр оокаттын күңгөй-тескей ортосунда,
Алпурушуп жүрөм орус ордосунда.
Сезимимдин жанган оту бир басылбайт,
Жүрсөң да жүрөгүмдүн толтосунда...

Сагынам, баскан издин кылактарын,
Бактылуу жашап келген убактарым.
Кылт этип кыз кыялга түшө калсаң,
Жүзүмдүн нурун төгүп, суректамын...

Термелип суктанамын сезимиме,
Тойгонсуп, ак сүйүүнүн кешигине.
Карегим карегиңе кадалганда,
Коштодум ырым жазып сага арнап,
“биз”-деген сезиминдин чечимине...



КЕЛБЕ МЕНИН ТҮШҮМӨ

Түн жамынып, бирок жарк деп күлмүңдөп,
Журөгүмдү жара бөлүп, оорутуп.
Суранамын келбе такыр түшүмө,
Гүл көңүлдү кеткен кезде соолутуп.

Колуң сунба, алдан тайып баратсам,
Мени дагы сүйгөн кудай жараткан.
Сен кеткенде, кандай күндө калгамын,
Кусалыктын көз жашында таң аткан.

Кубанасың ээлеп мени түшүмдө,
Маашырланып шыңгыр эткен күлкүмө.
Эки айрылыш жолдор биздин бүдөмүк,
Келбе, болду.
Таттуу уйкума түшүмө....

Москва.



ЖАН ДҮЙНӨМӨ

Кирип алып жан дүйнөмө, бүлүк салып,
Көлдөгү толкун болдуң, албууттанып.
Көөдөндөгү, кусалык топтолсо да,
Көрсөтпөй ала качтым, сенден алыс.

Караңгы түн, айланам баары жарык,
Кайыкка калак болдуң сүзүп алып.
Көрмөксөн болсом да, баш ийдирдиң,
Жүрөгүмө, жашыруун кирип алып...

Колумду кармап алып, мойнуңа артып...
Сүйүүбүз, бир жашарды кайра чалкып.
Көңүлдүн гүл экенин байкадыңбы?
Керемет обон салып нота жазып.

Көктөсүн, байчечекей жазындагы,
Көктөмдөп бүрдөсүнчү сүйүү багы.
Кайрылбас жаштыгыма алып бардың,
Жан дүйнөмдө махабаттын атып таңы.

Москва.



ТҮН БИР ООКУМ...

Түн бир оокум... Оюм онго бөлүнгөн...
Санаа тартып, кырк кабыргам сөгүлгөн.
Өткөн күндөр, эстен кетпей буулугам,
Ырлар болуп ак баракка төгүлгөн...

Оо, ал кезде бакытка бир чөмүлгөм,
Андай урмат кетмек беле көңүлдөн.
Ысык сүйүүм, жүрөгүмдө мелмилдеп,
Ар бир таңда жамгыр болуп төгүлгөн.

Сүйүү дүйнө бүтбөчүдөй көрүнгөн,
Каректерим, таттуу эринге өбүлгөн.
Капысынан өлдү сүйүү жайнаган,
Сезим, сүйүү, баары бирдей көмүлгөн...

Кооз түрдүү, арзуу көйнөк түйүлгөн,
Кутман таңда, тилек кылып кийилген.
Кеч болсо да, өнүп сүйүү тамырым,
Сага деген, бакыт багым тигилген.

Түн бир оокум...айлана тынч...
асман толо жылдызым...
уйку тартат кирпигим...
Мандайыма бир жылдыз жанды да,
Сүйүү эмне, өлбөйбү деп ойлодум...



СҮЙҮҮ – ЦУНАМИ...

Бойго жетип, дүйнөнү жаңы таанып,
Чар тарапка таңыркап, көз салчымын.
Жан-денемди оорутуп, кесип-таарып,
Огу тийди бир күнү чаглгандын.

Жүрөк күйдү чыдабай ысыгына,
Аласалып, деңизге боюмду урдум.
Күү-шаа түшкөн цунами ыргытканда,
Жээгинен деңиздин Аны көрдүм.

Жээгинен деңиздин Аны көрдүм,
Суйүү!-дешти, эмне деп сураганда.
Жер чайпаган цунами жүрөккө өттү,
Бойго жеткен он сегиз курагымда!

Кургур жүрөк ошондон ушул күнгө,
Айыкпады. Океан-цунамиден.
Өзүм дагы айыккым келбей күндө,
Азабын да, жыргалын да тартып келем!

Маңдайыма жазган тагдыр ушул белем...



КЫРГЫЗСТАНЫМ – МЕКЕНИМ

Көз-карегим, Кыргызстаным Мекеним,
Билесиң да жаным бирге экенин.
Абаң жутуп, жайлоо-төрүң аралап,
Сага арнадым жакшы ырлардын неченин.

Руху күчтүү, Айкөл Манас атамды,
Кылымдарга тарых кылып жазамын.
Чыңгыз агам аздектеген Таласты,
Ааламга бүт жайды Кыргыз атагын.

Бабаларым мурас кылып калтырган,
Касиетиң Жер-Энеде катылган..
Бүт айланаң тоолор менен курчалып,
Ысык-Көлүм чалкып көздү талдырган.

Жайлоо төрү Соң-Көлүмө жарашкан,
Солтон Сары сулулуугун караткан.
Бийик ашуу Долонумду айтайын,
Өрөөнүндө Нарын дайра шар аккан.

Жибек Жолу, ордолуу Ош тараптан,
Алымбектин урпактары таркаган.
Сулайман тоо, ыйык жери элимдин,
Суктансын деп, берген экен Жараткан.

Жалал-Абад жердин көркү келишкен,
Арсланбабы жаңгагынан жегизген.
Сары-Челек көлү жатат айнектей,
Сулуулардын жүзү-келбети көрүнгөн.

Жылуу жели бетти аймалап сылаган,
Уламыштар Буранадан уланган.
Данга толгон Сары-Өзөн, кең Чүйүм,
Нечен элди коюнуна батырган.

Өрөөндөрү, өрүк зардуу Баткеним,
Айгүлүңө суктанамын мен сенин.
Ата-журтун карегиндей сактаган,
Ар улуттуу, бир туугандай өз элиң.

Бишкек шаарым мекенимдин борбору,
Кыргызымды бириктирген ордосу.
Жаштыгымдын бульварына барганда,
Жалын чачат сезимимдин оттору.

Тарыхы бар кылымдарды карыткан,
Улутумду Кыргызмын деп мактанам.
Алыс жүрсөм Мекенимди сагынып,
Ата журтум, сени менен даңкталам.



ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим, дилим жашоом,
Кетпес дөөлөт, байлыгым.
Байыртадан учук улап,
Сактап келген тарыхын.

Алмаштырбайм, башка өлкөдө,
Жүрсөм дагы эч качан.
Үнүм бийик дилим таза,
Тилим- визит карточкам!

Эне тилим, дилим жашоом,
Менин бийик сыймыгым.
Белек кылган, урпакарга,
калган бизден сыйлыгым.

Эне тилим, көрктүү багым,
Сулуу болуп аткан таңым,
Сени менен ачык менин
мелтиреген көк асманым.

Ак булуттай бийиктигим,
Бул дүйнөдөн тапканым.
Тилим менен аалам кезээр,
Лирика, ыр саптарым.

Эне тилим, таза дилим,
көздөрүмдүн кареги.
Асман тиреп желбиресин,
улуттун кызыл желеги.

Кыргыз деген, тарыхы бар,
Тээ түпкүрдөн дареги.
Мен сүйлөгөн эне тилдин
Мына ушундай кереги.

ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ

Түн бир оокум...
Эл уйкуда мемиреп.
Элесиңе, кош карегим телмирип...
«Адептүү бол, акыл менен иш калчап»,
Деген сөзүң, көөдөнүмө бекилип...

Бешик ыры мээрим менен ырдалып,
Бүт ырыңа үмүт кошо ыргалып.
Уйку көрбөй, ак сүтүңдү эмизип,
Бактың апа, жалгыз бизди кыйналып.

Ооруп калсак, бала менен кошо ооруп,
Бардык эне тилегени ден соолук.
Балапанын сур жыландан коруган,
Пырпыраган чабалекей сен болуп...

Жашоодон, жомок токуп айтчу кебин,
Өзгөчө, төккөн экен Энем мээрим.
Сөз жетпес, эмгегинди ырга салыш,
Биле албай, калем сабым эмне дээрин.

Энедей, эч бир кымбат боло койбос,
Бакчам да, сен бар кездей кооз болбос.
Калпысам да, каймагынан сөздөрдүн,
Энекебай ордуң сенин толо койбос.

Ошентсе да ушул ырды сага арнадым,
Кетилбес, тоодой болгон бир арманым...

КЫЗЫМА БИР НАСААТ

Көлдө сүзгөн ак куу моюн, периштем,
Ак жүзүңө, аздек боюң келишкен.
Бойго сиңип, апакеңдин насааты,
Аяр өстүң, тарбиялуу делип сен.

Көкүл чачың тарап, сылап өстүрдүм,
Көкөлөтүп, айга -күнгө өптүрдүм.
Көлөкөдө бактым шамал тийгизбей,
Көчөтүңдү мына бүгүн көчүрдүм .

Секелегим дечү элем ар дайым,
Сезбептирмин бойго жетип калганың.
Саресепке түшпөй, эстүү боло көр,
Сага бүгүн ак батамды арнадым.

Менин жүзүм, менин күзгүм болосуң,
Мына минтип тууруңа коносуң .
Турмуш деген улуу жолуң башталат,
Шыдыр болуп, Кыдыр болсун жолдошуң.

Жакшы жар бол, элге журтка алынган,
Жарын сыйлап, ынтымакты чакырган.
Жаркылдаган мүнөзүңдү өчүрбө,
Жан дүйнөңө жакшылыкты батырган.

Ыймандуу бол, жаман жолго баспагын,
Апакеңдин аппак сүтүн актагын.
Ак батадан гүлдөп турсун өмүрүң,
Нур жаадырып ачык болсун асманың.

Бактылуу бол алтын кызым ар дайым.

КӨЛ ТОЛКУНУ

Жай аптабы, кыялымда көл жээги.
Тынч ала албай толкун жээке урунат.
Керемети көлүмдүн бир жомоктой,
Шарпылдаса обондуу ырдай туюлат.

Шамал согуп толкундарды жамынып.,
Көлдүн үстү ойкуйт кайкыйт агылып.
Куса болдум алыс болуп өзүндөн,
Ак мончогум - көлүм сенин сагынып.

Көлдүн жээги бир укмуштай керемет,
Түнү Ай нуру төгүп турса себелеп.
Көл үстүндө туруштугун бере албай,
Сезимдердин ак кайыгы термелет.

Ак чардактар үн салышып үстүндө,
Кыйкуулашып учуп жүрөт эртелеп.
Ак куулар да сапты бузбай тизилип,
Моюндашып канат кагат эркелеп.

Сырдашамын эч адамга айтпастан,
Ак баракка сен жөнүндө чиймелеп.
Көлүм болсо көздөрүмдүн кареги,
Калем сабым кирпигимдей ирмелет.

Кумда калып жаштыгымдан бир үзүм,
Көл толкуну кыялдарга жетелейт.

НАМЫСЫМ БИЙИК

Өзгөнүн издеп, өпкөсүн албай,
Өзүмдү өзүм жараттым, талбай.
Өзүмчүл болбой эркимдин күчү,
Ырыскы тилейм элимден калбай...

Кулк мүнөз кыял ойлорум алыс,
Кубалап өткөн жаштыгым калыс.
Күн менен кошо жаркырап жанып,
Намысым бийик, кылганым жапыс.

Издерин издеп улуулар баскан,
Кеменгер элдин акылын жазган.
Кусалык сага Ата журт күчөйт,
Көркөмдүү сулуу таңы да аткан.

Өзгөнүн издеп, өпкөсүн албайм...



КУСАЛЫК СЕНДЕН ТАРАДЫ

Шаар аккан суунун боюнда толкуп турганым,
Абаңды жыттап, сагыныч тарап жыргадым.
Керемет жерим Ала - Тоом улуу баарынан,
Койнуна катып, сезимдин айтпас сырларын.

Асманы көпкөк, алдыртан карап булаттар,
Шылдырап агып, туптунук мөлтүр булактар.
Көркүнө чыгып, көркөмдүү кооз мекеним,
Өзүңдө калган, тестиер, жаштык куректар.

Колоттон ылдый жылкысы чубап кишенеп,
Үркпөсүн дедим, отура калдым тизелеп.
Көз жоосун алган тоодогу жыттуу арчалар,
Кол менен жасайт, Кудурет десем ишенет...

Ак бадырак, тигилген боз үй жарашып,
Таң калып бүтпөй, чет элдиктер карашып.
Кыялым учуп, ак чардак болуп аралап,
Асманда жүрдүм, көңүлдүн черин таратып.

... Мекеним сенде, керемет сулуу жарашык...



ПОЭЗИЯ ЖАН ДҮЙНӨМ

Поэзия, жан дүйнөмдүн жыргалы,
Ак барака түшкөн жүрөк ырлары.
Поэзия, түркүн гүлдөн жаралган,
Ак таңдагы, өмүрүмдүн сырлары.

Поэзия, бул бактымдын тамчысы,
Жашоодогу эркеликтин жарчысы.
Тамгалардын шурусунан тизилген,
Жүрөгүмдүн жалгыз өзүң ачкычы.

Поэзия, -мезгилимдин өктөмү,
Жадыраган жаштык кездин көктөмү.
Алга сүйрөп, абайла деп шык берип,
Азыр жашоом сенсиз эч бир өтпөдү.

Поэзия, толкуп турган деңизсиң ...
Калем-барак, экөөң бирдей эгизсиң.
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө туйлаган.
Поэзия, “сүйөм сени”- дегиздиң.

Поэзия сен деп соксо жүрөгүм...
Бирде ыйлап, бирде кайра күлөмүн.
Уяладың, гүл бакчамдан чыкпастан,
Байыр алып жылуу жерден түнөгүң.

Төрт мезгилдин төрөсүндөй көрөмүн,
Тайгалансам, жыгылба деп жөлөдүң.
Оо!-поэзия жалгыз сенсиң сүйгөнүм,
Жан дүйнөмдү, ырларыңа бөлөдүң.

04.03.2020-ж.

ӨМҮР КЫСКА

Табигатты тамшандырып,
күндүн нуру чачылган,
Түбөлүктүү биздин сезим,
кызыл гүлдөй ачылган.
Толкунундай деңиздин,
тынч албады бул жүрөк,
Түпкүрүнө «сүйүү» деген,
алтын тамга басылган.

Ак булуттун тамчысындай,
жаап жатат кусалык,
Алсырадым сүйүү алдында,
кете албадым тушалып.
Ала-Тоодой бийик тутуп,
ыйык болгон сезимим,
Адашпадым махабаттан,
кеч келсе да ыргалып.

Асман менен жерге окшоп,
эриш аркак бололу,
Ааламдагы жылдыздардай,
жарык чачып коелу.
Ансыз деле, өмүр деген
кыска болот турбайбы,
Арман менен өткөрбөстөн,
бал сүйүүгө тоелу.

СЕЗИМ КҮЧҮ

Кандайдыр белгисиз бир жылуу сезим,
Алдыңа баш ийгендей өмүр кечтим.
Ааламда жок го дейм мага окшогон,
Өзүмдү тартуу кылган наздык кезим.

Музыка...сезим күүсү ...канат байлап,
Жазгы көктөм сагынат айлап жылдап.
Сүйүүнүн вальсын бийлеп периштелер,
Булбулдар ыр ырдашат, бакта сайрап.

Ода...жаңырат, сезимдин ыр төрүндө,
Сүзүшүп ак куулар да сүйүү көлүндө.
Жүрөктүн тынчын алып кирип алдың,
Жашасак мейли, мейли какыр чөлдө...

Түбөлүк бакыт үчүн жаша, өлбө....



БИР ӨМҮРДӨ...

Мен периште- сыйкыр таяк кармаган,
Аалам кезип ырдын бүрүн тандаган.
А сен болсо тунук таза шылдырап,
Ырларымдын булагысың шар аккан.

Мен бир шоокум - көл үстүндө ойногон,
Жан дүйнөмдө ыр толкуну тойлогон.
А сен болсо чоң кемени башкарган,
Капитансың. Океанды бойлогон!

Мен бир шамал желип-жортуп токтобой,
Тынчтык сүргөн жүрөгүңдү козгомой.
А сен болсо асмандагы ак булут,
Кумарланган ыр дүйнөмө окшобой.

Мен симфония, а сен болсо дирижер,
А ноталарчы? Бизге болгон гримёр.
Чимирилип бийлеп вальсын сүйүүнүн,
Өмүр чиркин... өтөт тура токтобой.

Мен автормун чыгармалар тапканда,
Ак баракка калем сырын ачканда.
А сен болсо окурмандар окуган,
Том - том болгон китеп болдуң жазганда.

Араласам ыр бакчанын төрүндө,
Сыйкырчы -сен. Кумарадан капыстан,
Чыга калган күтпөс жерден бар болуп.
Каалоом айтып, периштедей жетмекмин,
Бул ааламың кубулса да тар болуп,
Бир жаралып келип-кетчү өмүрдө...

УЛУУ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО

Чыңгыз десе...
Ук аалам, баарың суктан,
Дүйнөнү дүңгүрөтүп аты чыккан...
Даректын тамырындай миң бөлүнүп,
Калем менен, урап кетпес мунар курган.

Чыңгыз десе, Кыргыз деп билгин аалам,
Түрлүү тагдыр жазылып баскан кадам.
Алтын калем жаратып шедеврди,
Ак сүйүүнүн арзуусуна мончок таккан...

Чыңгыз десе, асмандагы жылдыз дегин,
Жаркырап жанып турган улуу тегиң.
Сабак алып ар бир жазган чыгармаңдан,
Жашап келет жан дүйнөмдө учкул кебиң.

Чыңгыз десе, алп тоолорду эске салгын,
Ала Тоодой бийик сенин атак даңкың.
Аалам кезип алыстардан көз чаптырган,
Ай, асманга теңдеш келет дайым баркың.

Чыңгыз десек, ук аалам баарың суктан,
Бүркүттөрдөй канат кагып бийик учкан.
«Улуулукка таазим» кылып жүрөлү,
Кылымдардан кылымдарга ыйык туткан.
Чыңгыз десе, Кыргыз деп билгин аалам...!



ҮЙ-БҮЛӨМ – ӨЧПӨС ШАМ ЧЫРАК

Үй бүлөм - өчпөс шам чырак,
Уютам тамгалардан ыр курап.
Улуулугун өмүрлүк жарымдын,
Уулдарым жөлөп, бек турат.

Очогум дайым ортодо өчпөй,
Оргуштап күйөт ынтымак көчпөй.
Оорумду алып колумдан кызым,
Ортомчу болот жылдыздай көктөй.

Балбылдап жанып бакыттын оту,
Өчпөсүн эч бир жашоомдун чогу.
Берешен болуп Жараткан өзү,
Небере күттүм сыймдын чоңу.

Өмүрдүн гүлүн ачырган жаңы,
Жакшылык сулуу атылган таңы.
Келиним келип ийилип турса,
Жүрөктө ойнойт мээримдин шаңы.

Улагам толуп, жакшылык тойго,
Умтулам дагы ыймандык жолго.
Улуттун салтын улуу деп санап,
Үй бүлөм мага түбөлүк – ордо!



СЕЗИМ КҮЧҮ

Аралап аппак таңдын ак шооласын,
Сага арнап жазып жүрөм сүйүү одасын.
Шопендин «Бейиш ыры» жаңыргандай,
Ырларымдын өзгөртпөдүм бир нотасын.

Сүйбөдүм, сүйө албадым башканы мен,
Канча ирээт иргеп көрдүм сезимди мен,
Бул өмүрдү жашап өтө окшойм өзүм,
Кан менен кошо бүткөн атың менен.

Түшүмдө бирге жүрүп, атат таңым...
Эргүүмө эргүү кошкон сенсиң, жаным.
Жашоомо жашоо берип шыктандырган,
Кандай бакыт, тирүүлүктө сенин барың...

СЕЗИМ БЕШИГИ

Өткөн чакты кайрый албайм, өкүнүч,
Бул абалга таарынбачы, өтүнүч...
Үн чыгарбай ыйлап алды жүрөгүм,
Талкаланган эчак арзуу - өтүмүш...

Учур чакта, тынчтык алсын жүрөгүм,
Сагынычта, сенсиз жашап жүрөмүн.
Сага кымбат менин барым, жарыкта,
Башкаларга, басып жүргөн бирөөмүн.

Келээр чактын ачып сүйүү эшигин,
Өмүр барбы?
Терметээрге бешигин?
Бул жашоого эки келүү жанда жок,
Баш ийебеген табийгатка кимде ким?
Колго алалбай, ак сүйүүнүн кешигин...



ӨЗҮМӨ

Жаан болуп дүйнөм,
Төгүлүп, кээде кыйналам,
Көр болуп көөдөн,
Эч нерсе туйбай кыйнаган.
Кубулуп мезгил,
Калп айтып мени жетелейт.
Туйгундай уччу,
Басынат жүрөк туйлаган.

Көл болсом кээде,
Толкуну жээкте ойногон.
Кубулжуп ырдап,
Кумарым эч бир тойбогон.
Өткөнүн өмүр,
Жаландап келип жар салат.
Убакыт учуп,
Жаштыктын изин койбогон.

Ай болгум келет,
Адамга нурун бергенге.
Маанайым жаркып,
Асмандан жылдыз тергенге.
А Күн нурун төгүп,
«Унут»-дейт баарын, эске алба.
Жаркырап жаша,
Кудайым өмүр бергенде.

Жаан болом кээде,
Жан дүйнөм ыйлап ийгенде...

Москва. Кайыр Жазы.

Сыдыканова Кайыргул Жолдошбековна

1970-жылы 7-апрелде Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Кочкор районунун Жаңы-Жол айылында жөнөкөй үй бүлөдө төрөлгөн. Нарын шаарынын № 7 М. Сыдыков атындагы орто мектептин бүтүрүүчүсү. Билими жогорку. Үй бүлөлүү. Үч уул, бир кыздын жана төрт неберенин энеси, чоң энеси.

Акын-жазуучу, котормочу Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү, Россия Федерациясынын Москва областынын Жазуучулар Союзунун мүчөсү. АКТАЛ адабий чыгармачылык бирикмесинин негиздөөчүсү, "Рух-Бейне" Эл аралык чыгармачыл академиясынын президенти. Россия Федерациясынын "Эл аралык Заманбап Маданий" академиясынын академиги. Кыргыз Республикасынын "Манас" академиясынын мүчөсү, ТүркСОЙ Эл аралык уюмунун "Түрк дүйнөсүнүн Маданиятына жана Искусствосуна кошкон салымы үчүн" төш белгиси жана КР Президентинин алдындагы тил жана саясат коммиссиясынын "Ардак грамотасы" жана "Кыргыз тили" төш белгисинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин "Ыраазычылык каты", Россия Федерациясынын Золотое перо Руси долбоорунун "Алтын калем" номинациясынын ээси. Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзунун "Эмгек сиңирген" төш белгиси. Россия Федерациясынын Эл аралык Заманбап Академиясынын "Ардактуу коомдук ишмер" наамынын ээси. Казак-

стан Республикасынын Аалам Жазуучулар Союзунун “Алтын калем” төш белгисинин ээси. Алыкул илимий таануу Борборунун “Алтын калеми” сыйлыгынын ээси. Турмуш баракгары (проза) Лира Балы (поэзия) Эгиз элден - эгиз кайрык (поэзия) Махабат Мунарасы (поэзия) китептеринин автору (кыскача маалымат).



МАЗМУНУ

Пролог 3
М. Мамазаирова. Махабат ыры 6
Ырларыма 9
Сезимдин күчү 10
Сезим айылы 11
Биздин сүйүү 12
Өмүр жазым 13
Шарданына жетелеп 14
Кусалыктын санаасы 15
Сезимдин таңы 16
Арзуу бакчасы 17
Жүдөп жүрөм 18
Сен эмнеге кечиктиң? 19
Эргүү жолу 20
Сүйүү эмнеге кезигет? 21
Кичинекей жүрөгүм 22
Сен жана мен 23
Айыксын деп 24
Сендеги күч 25
Сезим күчү баракчама... 26
Сүйүү нуру өчпөсүн 27
Унутуп калгандайбыз 28
Ой-кыялым жетелейт 29
Ырга жазат 30
Сиздик болгон сезимдер 31
Өзгөртпөдүм нотасын 32
Сагынуу үчүн акың бар 33

Эх, жаштыгым 34
Ак шоокум 35
Сезимимди электедим 36
Тагдырыбыз багындырат 37
Өткөн чак 38
Сиз үчүн 39
Ушул сүрөткө 40
Күзгү жаан 42
Кете албадым коштошуп 43
Сүйбө дедим 44
Сезим күчү 45
Эгер сүйсөң 46
Жаз келди 47
Сен меники 48
Жаңы жылга жаңы лирика 49
Бир эргүүдө жазылган ыр 50
Бейтааныш бир жан болуп... 51
Түнкү ойлордон... 52
Кыз кыялга 53
Келбе менин түшүмө 54
Жан дүйнөмө 55
Түн бир оокум... 56
Сүйүү – цунами... 57
Кыргызстаным – мекеним 58
Эне тилим 60
Эне жөнүндө 61
Кызыма бир насаат 62
Көл толкуну 63
Намысым бийик 64

Кусалык сенден тарады 65
Поэзия жан дүйнөм 66
Өмүр кыска 67
Сезим күчү 68
Бир өмүрдө... 69
Улуу Чыңгыз Айтматовго 70
Үй-бүлөм – өчпөс шам чырак 71
Сезим күчү 72
Сезим бешиги 73
Өзүмө 74
Өмүр баян 75

Көркөм-адабий басылма

СҮЙҮҮ – ЦУНАМИ

Кайыргүл СЫДЫКАНОВА

Бишкек, «Ордо компани»
Кыргыз тилинде

Компьютердик калыпка салган *Р. Төлөбеков*

Басууга 03.08.2026-ж. кол коюлду. Нускасы 1000.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 5 б.т.

«Ордо компани» ЖЧКда басылды.
Бишкек ш., Кийизбаева к., 204 а.